**Кыргыз-Түрк "Манас" университети мекемесинин жогорку кесиптик программаларын аккредитациялоонун алдын ала жыйынтыктары**

| | |
|---|---|
| **Төрага:** | Байсеркеев Аскарбек Эсенович, Эл аралык Кувейт университети, ректор, пед.и.д., профессор. |
| **Комиссия мүчөлөрү:** | |
| **532000 Дене тарбия жана спорт (магистр)** | Эркебуланова Салый Джусуевна, Роэль Метрополитен Университети, табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти, КР дене тарбиясынын отличниги. |
| **610001 Ветеринария (магистр)** | Тугөлбаев Адылбек Тунгатарович, К.Н.Скрябин атындагы КМАУ, зооветеринардык дисциплиналары боюнча мугалими. |
| **Референт:** | Мамбеталиева Светлана Медетбековна, ББПУАА директору, т.и.к. |

***30.03.2026 г. – 31.03.2026 г.***

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АКРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде ишке ашырылып жаткан жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун алгачкы жыйынтыктары.**

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү**

**Күчтүү жактары:**

1. Университеттин бөлүмдөрүндөгү жооптуу адамдардын жалпы иш-аракеттерин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү эффективдүү башкаруу үчүн ***sgb.manas.edu*** заманбап технологиясы ишке киргизилген.

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациалоодон отуп жаткан программалар боюнча максаттары жана кутулуучу натыйжалар толуктоону талап кылат.
2. Дене тарбия жана спорт программасы боюнча магистранттардын мобилдүүлүгү жетишсиз.

Сунуштамалар:

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитациалоодон отуп жаткан прорграммалар боюнча максаттары жана кутулуучу натыйжалар кызыктар тараптын окулдорунун катышуусунда толукталып иштелип чыксын.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин Дене тарбия жана спорт программасы боюнча магистранттардын мобилдүүлүгүн өнуктүрүү максатында жыл сайын талдоо жүрүзүп туруу менен иш-чаралар уюштурулсун.
3. Ветеринария программасы боюнча айыл чарба малдарынын асыл тумукдуулугун жогорулатуу максатында селекция иштеринин планын түзүү жана ишке ашыруу.

***1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.***

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

**Күчтүү жактары:**

Университетке студенттерди кабыл алуу бюджеттик негизде (Кыргыз Республикасынын жана Түркиянын бюджетинин негизинде) жүргүзүлөт.

*Стандарт 2 аткарылып жатат.*

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Күчтүү жактары:**

1. Студенттер кыргыз жана түрк тилдеринде эркин сүйлөшөт.
2. Кыргыз-Түрк «Манас университетинин» материалдык-техникалык потенциалынын, студенттерге түзүлгөн социалдык шарттардын жогорку деңгээли белгиленет.

**Алсыз жактары:**

1. Окуучулардын англис тилин үйрөнүүсүнө жетиштүү көңүл бурулбайт.
2. Стартаптар жана бизнес инкубаторлор боюнча долбоорлор бар экен. Бирок системдүү деңгээлге жетише элек.

**Сунуштамалар**:

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин англис тилинде жетиштүү сандагы сааттарды өткөрүүгө басым жасоо менен студенттердин класстан тышкаркы иштеринин планын кайра иштеп чыгуу.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин стартаптар жана бизнес инкубаторлор боюнча иш-чараларды системдүү деңгээлге чыгаруу боюнча план иштелип чыгып, ишке киргизилсин.

***3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.***

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Алсыз жактар:**

1. Аккредитациалоодон отуп жаткан программалардын кызматкерлери мамлекеттик тилде окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу боюнча жетишсиз иш алып барышууда.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2026-жылга карата жыл сайын жыйынтыгын талдоо менен кызматкерлерди мамлекеттик тилде окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгууга кызыктыруу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

***4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат***

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

2. Ветеринардык багытта билим берүүдө өндүрүштүк база болуп эсептелген клиниканын активдүү иштеши, Кыргызстандык мал-чарбасына түздөн-түз салымын кошушу;

*5- Стандарт аткарылып жатат*

**6 - Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши**

*6- Стандарт аткарылып жатат*

## СТАНДАРТТАРДЫН БААЛАНЫШЫ

*Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*
*Стандарт 2 – аткарылып жатат*
*Стандарт 3 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*
*Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*
*Стандарт 5 – аткарылып жатат*
*Стандарт 6 – аткарылып жатат*

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин билим берүү программаларына тышкы баалоо жүргүзгөн эксперттик комиссия өзүнүн отчетунун негизинде**

*532000 Дене тарбия жана спорт (магистр)*
*610001 Ветеринария (магистр)*

**билим берүү программаларын 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт**

*30-31.03.2026-ж.*